**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮЖАНАИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 08.19.593

Кол жазма укугунда
УДК [338.2(575.2):339.9](043.3)

**Зорька Евгений Игоревич**

# ЕВРАЗИЯЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ ШАРТТАРЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУН ЖОГОРУЛАТУУ МЕХАНИЗМДЕРИ

08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу

экономика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууүчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2019

Диссертация Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян Университетинин менеджмент кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Токсобаева Бактыгуль Асановна**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор<br>ҮАББИ директору, М. Рыскулбеков ат. КЭУ |
| **Расмий оппоненттер:** | **Касымова Валентина Махмудовна**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор<br>И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, өнөр жай экономикасы кафедрасынын башчысы |
| | **Насыров Алмаз Турусбекович**<br>экономика илимдеринин кандидаты, доцент<br>Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, экономикалык программалар жана башкаруу кафедрасы, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр., 27 |

Диссертация 2019-жылдын «28» июнунда саат $14^{00}$ М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетиндеги экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды коргоо боюнча адистешкен Д.08.19.593 Диссертациялык кенештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көчөсү 58.

Диссертация менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көчөсү 58, www.keu.kg.

Автореферат 2019-жылдын «27» майда жөнөтүлдү

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент Байтерекова Г.С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Заманбап дүйнөлүк чарба жүргүзүү байланыштарынын өнүгүү тендециясы көргөзгөндөй, өлкөлөрдүн экономикасы барган сайын ачык болууда жана өз ара интеграциялануда. Соодадагы тоскоолдуктарды төмөндөтүүгө жана мамлекеттин белгилүү бир максаттарына жетишүүгө багытталган ар түрдүү экономикалык биримдиктер жана бирикмелер түзүлүүдө.

Интеграция бекем экономикалык байланыштарды түзөт жана экономикалардын натыйжалуу иштешине түрткү болот, ошол эле учурда экономикалык мамилелердин өз ара тереңдетилиши белгилүү бир өлчөмдө өз ара көз карандылыкты түзөт.

Аз өнүккөн өлкөлөр чек араларын ачкан учурларда ак ниетсиз атаандаштык, өзүнүн рынокторун арзан же атаандаштыкка бир кыйла жөндөмдүү импорттук өндүрүм менен толтуруу сыяктуу ар түрдүү тобокелдерге туш болушат, бул өзүнүн өндүрүшүнүн төмөндөшүнө алып келет. Мындай кырдаалдар улуттук экономикага кедергисин тийгизет, ошондуктан интеграциялык бирикмелерге кирүүдө жана интеграциялык процесстерге катышууда мамлекет биринчи кезекте өзүнүн ички рыногуна көңүл бурушу, аны коргошу жана бүткүл мамлекеттин экономикалык коопсуздугун камсыз кылышы зарыл.

Ички рынокту коргоо мамлекеттин экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун бир гана багыты болуп саналат. Узак мөөнөттүү социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыздоо үчүн мамлекет өзүнө ыңгайлуу өнүгүү траекториясында маанилүү макроэкономикалык индикаторлорго колдоо көргөзүшү керек. Бул индикаторлордун белгиленген чектик маанилерден чыгып кетиши, ошондой эле алардын пропорциялуу эмес жана бейтеңдеш болушу мамлекеттин экономикалык коопсуздугун бузат, анткени социалдык-экономикалык тутумду натыйжасыз иштөөгө, өзүн-өзү талкалоого мажбур кылат, ошондой эле ар түрдүү кескин кырдаалдарды, толкундоолорду жаратат.

Интеграциялык процесс өзүнүн өзгөчөлүктөрүнүн аркасында бирикменин катышуучу өлкөлөрүнүн маанилүү макроэкономикалык индикаторлоруна таасир этүүгө жөндөмдүү болот. Ошондуктан евразиялык интеграциялануу шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун индикаторлорун баалоо жана мониторинг жүргүзүү маселелери өтө актуалдуу болуп саналат.

Демек, КРнын ЕАЭБ ге кириши тууралуу келишимде бекитилген негизги жоболорду түшүнүүдө болушу мүмкүн болгон ак ниетсиз атаандаштык ыкмаларын чектеп, ЕАЭБге кирүү алкагында ички рынокту коргоонун методдорун жана инструменттерин түзүү зарыл.

Экономикалык коопсуздуктун индикаторлорун талдоо жана баалоо мамлекеттин экономикалык саясатынын багытын көргөзүшү жана аны камсыздоо боюнча сунуштарды бериши керек. Индикаторлорунун өз ара

байланышы жана өз ара көз карандылыгы экономикалык коопсуздукту жогорулатуунун айрыкча натыйжалуу ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар же негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасын 2040-жылдарга чейинки мезгилге туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, ошондой эле бул стратегияга шайкештикте иштелип чыккан Чүй, Ысык-Көл жана Талас облустарын өнүктүрүү программасы, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кирүү боюнча «Жол картасы» менен тыгыз байланышта.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык иштин максаты – аймактык мейкиндикте экономикалык процесстердин өнүгүшүнүн теориялык, методикалык базасын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуучу жана өлкөбүздүн улуттук кызыкчылыктарынын айрыкча толук корголушун камсыздоочу механизмдерди, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максатка жетишүү үчүн диссертациялык изилдөөдө төмөнкү **милдеттер** аныкталган:

1. өлкөнүн экономикалык коопсуздугунун маани-маңызын жана мазмунун изилдөө;
2. улуттук кызыкчылыктар тутумун жана өлкөнүн ички рыногун коргоо жолдорун карап чыгуу жана тактоо;
3. өлкөнүн экономикалык коопсуздугунун негизги индикаторлорун жалпылоо жана иретке салуу, тартипке келтирүү. Өлкөнүн экономикалык коопсуздугун баалоочу ар бир индикатор үчүн чектерин карап чыгуу;
4. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун заманбап абалына баалоо жүргүзүү;
5. Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык бирикмеге кириши менен байланышкан экономикалык чакырыктарды, ошондой эле республиканын экономикалык коопсуздугуна зыян келтирүүчү коркунучтарды аныктоо;
6. өлкөнүн ЕАЭБге мүчө болуп киргенге чейинки жана андан кийинки экономикалык коопсуздук абалына салыштырмалуу талдоо жүргүзүү;
7. Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык бирикмеге кирүүдө ички рыногун коргоо өзгөчөлүгүн карап чыгуу. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу механизмин иштеп чыгуу;
8. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу жана ички рыногун коргоо боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу;

**Изилдөө объектиси -** өлкөнүн экономикалык коопсуздугу болуп эсептелет.

**Изилдөө предмети** - евразиялык интеграция шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугу болуп саналат**.**

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.**

Диссертациялык иште төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилди:

– өлкөнүн экономикалык коопсуздугу түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо боюнча теориялык-методикалык ыкмалар жалпылаштырылды жана иретке келтирилди;
– биздин республика үчүн учурда экономикалык коопсуздукту баалоого мүмкүндүк берүүчү экономикалык коопсуздук индикаторлор тутуму толукталды, түзөтүүлөр киргизилди жана такталды;
– түзөтүүлөр киргизилген индикаторлор тутуму боюнча Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун заманбап абалына баалоо жүргүзүлдү, бул евразиялык интеграциянын биздин өлкө үчүн тийгизген таасирине толук баа берүүгө мүмкүндүк берет;
– ЕАЭБ алкагында ички рынокто КРнын атамекендик өндүрүүчүлөрүн коргоо механизми сунушталды, бул республиканын экономикалык коопсуздугун чыңдоого өбөлгө түзөт;
– Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизми иштелип чыкты, ал экономикалык коопсуздукка тутумдуу таасир этүүгө көмөктөшөт;
– корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү, анын жардамы менен Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун айрым индикаторлорунун өз ара байланышын аныктоого жана аны натыйжалуу жогорулатуу жолдорун сунуштоого мүмкүндүк түзүлөт;
– биздин республика үчүн экономикалык коопсуздук индикаторлорун салыштырма экспресс-баалоо методикасы иштелип чыкты, бул Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун абалына мониторинг жана салыштырма талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары жана сунуштары Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоону камсыздоого катышкан мамлекеттик бийлик органдары тарабынан, ЕАЭБ алкагында сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн кызмат адамдары тарабынан, өлкөнүн макроэкономикалык саясатын ишке ашырган мамлекеттик мекемелер тарабынан колдонулушу ыктымал.

Изилдөөнүн материалдары ошондой эле окуу процессинде экономикалык теория, экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу сыяктуу профилдик курстарды иштеп чыгууда жана экономикалык багытта билим алган студенттер менен аспиранттар тарабынан окуу материалы катары пайдаланылышы мүмкүн.

– **Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Сунушталган корреляциялык-регрессиялык талдоо экономикалык коопсуздук индикаторлорунун өз ара байланышын так аныктайт, Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу боюнча сунуштар мультипликативдик мүнөздө болуп, калктын жан башына ички дүң өндүрүмүнүн көрсөткүчүн көбөйтөт.

**Диссертациялык иштин коргоого коюлган негизги жоболору.**

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөнкү жоболорду негиздөөгө болот:

– теориялык-методикалык ыкмалар иретке келтирилди, мунун өзү экономикалык коопсуздук жана улуттук кызыкчылыктар категориялары өз ара тыгыз байланышта экендигин, бирин камсыз кылуу экинчисин ишке ашырууга жол ачарын аныктоого мүмкүндүк берди. Ошондой эле “мамлекеттие экономикалык коопсуздугу” түшүнүгүнүн автордук аныктамасы сунушталды.
– биздин республика үчүн убакыттын дал ушул берилген учуруна карата экономикалык коопсуздуктун индикаторлор тутумуна тактоолор жана кошумчалар киргизилди;
– Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун заманбап абалын баалоо жүргүзүлдү, бул учурда салыштырма талдоонун жыйынтыктары КРнын ЕАЭБге киришинен кийин экономикалык коопсуздук абалы жакшырды деп эсептөөгө негиз берет (индикаторлордун сунушталган тутуму боюнча);
– Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоо жана экономикалык коопсуздугун жогорулатуу механизми иштелип чыкты;
– Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу маселесине комплекстүү мамиле кылууга мүмкүндүк берген уюштуруучулук-экономикалык механизм сунушталды;
– корреляциялык-регрессиялык талдоонун жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун натыйжалуу жана сарамжалдуу жогорулатууну изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган көрсөткүчтөрдөн баштоо зарыл деп эсептөөгө негиз түзөт;
– экономикалык коопсуздук абалын үч негизги критерийлердин негизинде салыштырма экспресс-баалоо методикасы сунушталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** өлкөнүн экономикалык коопсуздугу түшүнүгүнүн мазмунун теориялык-методикалык жалпылоодо турат. КРнын экономикалык коопсуздугун баалоо индикаторлорунун улуттук тутумуна түзөтүүлөр киргизилди жана иштелип чыкты жана анын негизинде республиканын ЕАЭБге мүчө болуп киргенге чейинки жана андан кийинки экономикалык коопсуздугунун заманбап абалына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү. Ички рынокту коргоо механизми иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын индикаторлоруна корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү. Диссертациянын материалдары КРнын Экономика министрлигинин ишке киргизүү актысына ылайык, “КРнын 2016-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымат” жана “КРнын социалдык- экономикалык өнүгүшүнүн 2017-жылга жана 2018-19-жылдарга карата болжолу” деп аталган документтерде колдонулду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий конференцияларда баяндалган: “Экономикалык коопсуздук” түшүнүгүн аныктоо ыкмалары”, конференция: «Дүйнөлүк илимий процесстер коомдук прогресстин негизи катары», Казань, май, 2015;

«Өлкөнүн экономикалык коопсуздугун баалоо индикаторлору», конференция: «Заманбап баскычта социалдык-экономикалык тутумдарды натыйжалуу башкаруу көйгөйлөрү», Бишкек, КРСУ, 18-май, 2016;

«Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун ар түрдүү индикаторлор менен баалоо», конференция: «Ааламдашуу шарттарында инновациялык экономиканын өнүгүү өзгөчөлүктөрү», 26-27- май, 2017.

«Кыргыз Республикасынын ишкердик чөйрөсүнүн абалын эл аралык индекстердин негизинде баалоо», эл аралык илимий-практикалык конференция: «ЕАЭБ шарттарында ишкердикти өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрү», 20-октябрь, 2017.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациялык иштин темасы боюнча 6,43 басма табак көлөмүндөгү 11 иш жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактан, 122 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 175 бетти түзөт, 24 жадыбал, 34 сүрөт, 5 тиркемени камтыйт.

## ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөө ишинин актуалдуулугуна негиздеме берилген, изилдөөнүн максаттары, милдеттери баяндалган, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы көрсөтүлгөн, коргоого чыгарылган негизги жоболор аныкталган, диссертациялык иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү негизделген.

“Заманбап дүйнөдө экономикалык коопсуздуктун теориялык негиздери жана улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруу” деп аталган биринчи бапта ар түрдүү авторлор тарабынан “экономикалык коопсуздук” түшүнүгүнүн берилиши, улуттук кызыкчылыктар тутуму жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу түрлөрү, ошондой эле катышуучу өлкөлөр үчүн интеграциялык бирикмелердин ролу каралган.

Экономикалык коопсуздук түшүнүгүн көптөгөн заманбап окумуштуулар ар башкача түшүндүрүшөт. Мисалы, В. А. Богомоловдун пикири боюнча бул түшүнүккө аныктама берүүнүн бардык ыкмаларын үч негизги топко бөлүп кароого болот.

Бул маселени караган биринчи топко Л.И. Абалкин, С.А. Афонцев, В. С. Паньков ж.б. окумуштуулар кирет. Л.И.Абалкин төмөнкүдөй аныктама берет: «Экономикалык коопсуздук – экономикалык тутумдун дайыма динамикалуу, натыйжалуу өнүгүүгө жана социалдык милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берген абалы, ал жагдайда мамлекет көз каранды эмес экономикалык саясаттыиштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүнө ээ болот» [Абалкин, Л.И. Россиянын экономикалык коопсуздугу: коркунучтар жана алардын көрүнүшү// Экономика маселелери. 1994.– 12. 5-б.].

Экинчи топко В.К. Сенчагов, Г.В. Гутман ж.б.кирет. В.К. Сенчаговдун пикири боюнча, экономикалык коопсуздук – «бул экономиканын жана бийлик

институттарынын кепилденген улуттук кызыкчылыктар, өлкөнүн жалпы социалдык багытталып өнүгүүсү, тышкы жана ички процесстер жагымсыз өнүккөн шарттарда да коргоно турган дарамети болгон абалы» [Сенчагов, В. К. Россиянын экономикалык коопсуздугун кантикенде камсыз кылууга болот [Текст] / В. К. Сенчагов // Россия Федерациясы бүгүнкү күндө. – 2007. – № 6.].

Үчүнчү топко А. Архипов, А. Городецкий ж.б.кирет. Алар экономикалык коопсуздук – экономикалык тутумдун коомдук керектөөлөрдү эки деңгээлде: улуттук жана эл аралык деңгээлде натыйжалуу канаттандырууну камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү деп эсептешет.

Теориялык изилдөөлөр бизге экономикалык коопсуздук – татаал жана интегралдуу түшүнүк деп эсептөөгө негиз берет. Ага аныктама берүүдө биз үч жагдайды эске алабыз: маани-маңызы, кызыкчылыктар (жеке инсандык, коомдук, мамлекеттик) жана коркунучтар. Жүргүзүлгөн талдоолорго таянып, экономикалык коопсуздуктун жаңыртылган аныктамасы түзүлдү, ал мындайча берилет: «экономикалык коопсуздук – бул экономиканын жана бийлик институттарынын туруктуу абалы, анда улуттук кызыкчылыктарды ишке ашырууга жана өлкөнү ар түрдүү коркунучтардан, жоготуулардан жана күтүүсүз кескин өзгөрүүлөрдөн коргой алууга мүмкүндүк түзүлөт». Бул аныктамада экономикалык коопсуздук түшүнүгүнүн негизги жоболору бекемделди жана анын өлкөбүздүн улуттук кызыкчылыктарын коргоо менен өз ара байланышын камсыз кылуучу багыттары берилди.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында ошондой эле мамлекеттин экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун айрыкча ыңгайлуу түрү – экономикалык интеграция экендиги аныкталды, ал биздин республикага ЕАЭБдин инфратүзүмүнө, каржылык, технологиялык жана башка ресурстарына жеткиликтүү болууга мүмкүндүк түзөт.

Улуттук кызыкчылыктар тутумун карап чыгып, биз мындай тыянакка келдик: экономикалык коопсуздук жана улуттук кызыкчылыктар өз ара тыгыз байланышта, ал эми улуттук кызыкчылыктар катары жеке инсандык, коомдук, мамлекеттик керектөөлөр тутумун түшүнүү керек, ал социалдык-экономикалык (тиричилик кылуу жөндөмү, байгерлик жашоонун жана экономикалык жыргалчылыктын өсүшү), укуктук (легалдуу жана легитимдүү укуктук институттардын болушу, башкаруу түрүн тандоодогу эркиндик), мамлекеттик (өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн жана аймактык бүтүндүгүн сактоо) жана саясий (таразаланган тышкы экономикалык саясат жана саясий көз карандысыздык) жашоо ишмердүүлүктөр аркылуу камсыз кылынат.

Өз ичине өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарын жана ички рыногун коргоонун административдик, экономикалык жана институционалдык механизмдерин жана инструменттерин камтыган чийме түзүлдү.

Ошондой эле интеграциялык бирикмелердин түрлөрүн, негизги белгилерин жана өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу изилдөө ишинин маанилүү багыты болуп эсептелет, бул биздин республиканын заманбап аймактык жана интеграциялык өнүгүү баскычын толук түшүнүүгө өбөлгө түздү.

**«Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун жана улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруунун, коргоонун**

**көйгөйлөрү жана абалы»** деп аталган экинчи бапта республиканын экономикалык коопсуздугуна индикаторлордун тактaлган жана кошумчаланган тутумунун негизинде талдоо жүргүзүлдү жана баа берилди, ЕАЭБге кирүү боюнча жол картанын тарамдары каралды, аралык жыйынтыктар чыгарылды.

С.Ю. Глазьев өз ишинде өлкөнүн экономикалык коопсуздугуна баа берүүнүн өз методикасын сунуштаган, ал методика боюнча экономикалык коопсуздукка баа берүүчү белгилүү бир индикаторлордун тизмесинин болушу жана орточо алганда бир нече өлкөлөрүн көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүлүшү шарт. Биз үчүн анын ишинин маанилүүлүгү - экономикалык коопсуздук чектери үчүн белгилүү бир сандык критерийлерди сунуштагандыгында турат [Глазьев, С. Ю. Геноцид. Россия жана дүйнөлүк жаңы тартип. XXI кылымдын босогосунда экономикалык өнүгүү стратегиясы [Текст]/ С.Ю. Глазьев. – Москва.: Астра семь, 1997. 78-б].

Эреже катары, экономикалык коопсуздукка баа берүүчү индикаторлор тутумун илимий-изилдөө институту мамлекеттик органдар менен кызматташтыкта иштеп чыгат. Биздин республикада мындай индикаторлор тутумун Ш.М. Мусакожоевдун жетекчилиги астында экономика илимий-изилдөө институту КРнын Экономика жана каржы министрлиги менен биргеликте иштеп чыкты. Сунушталган тутум өзүнө элүүдөн ашык ар түрдүү индикаторлорду камтыйт [Мусакожоев, Ш. М. Тандалган эмгектердин 7 томдугу. IV том. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугуна келтирилген коркунучтардын мониторинги [Текст] / Ш.М. Мусакожоев. -Бишкек., 2012, 11-26-б].

Россиялык илимде экономикалык коопсуздукка баа берүүчү индикаторлор тутуму С.Ю. Глазьевдин иштеринде берилген, анда автор ар түрдүү өлкөлөрдү өз ара салыштырат. Бул тутумдун негизинде Т.К. Койчуев тарабынан КРнын экономикалык коопсуздугуна баа берилген.

Экономикалык коопсуздукка баа берүүчү индикаторлор тутуму жадыбалын иштеп чыгууда автор тарабынан М.Ш. Мусакожоев, Б.А. Токсобаева, Э.В. Самигулин, С.Ю. Глазьев, И.А. Илларионов, И.Я. Богданов, Т.К. Койчуев, О. Караталов, К.А. Ажекбаров, Л.В. Хасанова, А. Крупкина жана А. Пономаренко, Т. Койчуманов жана М. Осмоналиев, Ж.Э. Голощапова сыяктуу ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды.

Бул индикаторлор биздин республика үчүн 90-жылдардын аягыда иштелип чыккандыгын эске алып, индикаторлордун айрым чектик маанилерин тактоо жана тутумду жаңы индикаторлор менен толуктоо зарыл.

Ошону менен бирге КРнын ЕАЭБге мүчө болуп киришинин жыйынтыктарын экономикалык коопсуздук өңүтүнөн алып кароо зарыл. Бул максатта КРнын ЕАЭБге мүчө болуп киргенге чейинки жана кийинки учурундагы экономикалык коопсуздук индикаторлорунун тутумуна салыштырма талдоо жүргүзүү жадыбалын сунуштайбыз (2.1.-жадыбал).

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча биз учурда 25 индикатордун ичинен 17 индикатор чектик маанинин алкагынан чыкпайт деген корутунду жасай алабыз. Калган 8 индикатордун ичинен 5 индикатор ЕАЭБге киргенден кийин өз позицияларын бир аз начарлантkандыгын белгилейбиз, бул

учурда капиталдык салымдардын жылдык өсүү арымы, ИДӨгө карата тышкы карыз жана Джини коэффициенти жогорулаганы көрүнөт.

Жалпысынан, ЕАЭБге киргенден кийин КРнын экономикалык коопсуздугу жакшырды деп корутунду жасоого болот, бирок бул учурда карыздык милдеттенмелер, чет өлкөлүк инвестициялардын агылып кириши, депозиттерди долларлаштыруу, акчалаштыруу жана коомдун мүлктүк катмарларга бөлүнүшү сыяктуу маселелер чечилбеген бойдон калууда.

Демек, экономикалык коопсуздук экономикалык тутумдун ар түрдүү чөйрөлөрүндө камсыз кылынат. Экономикалык коопсуздукту баалоочу индикаторлор мамлекет тарабынан тиешелүү көңүл бөлүнбөгөн учурда бүлүндүрүүчү мүнөздөгү кесепеттерге алып келүүчү чөйрөлөр жана иш тартибин бузуулар жөнүндө гана эскертет.

Ошентип биз тараптан өлкөнүн экономикалык коопсуздугун баалоо жана камсыз кылуу маселелери боюнча ар түрдүү авторлордун көз караш, пикирлери берилди.

Ар түрдүү индикаторлор талдоодон өткөрүлүп, анын ичинен негизги, заманбап жашоо ишмердүүлүккө шайкеш келген жана биздин республиканын экономикалык коопсуздук деңгээлин толук өлчөмдө баалай ала турган индикаторлор аныкталды. Ал индикаторлордун негизинде Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугуна баалоо жүргүзүлдү.

Изилдөөлөр көргөзгөндөй, республиканын экономика жаатында улуттук кызыкчылыктарын жана ички рынокту коргоо ЕАЭБге киргенден кийин өзгөрөт жана төмөнкүлөргө таянат:

- эл аралык органдар (ЕАК) тарабынан өлкөнүн протекционисттик иш-аракеттери киргизилиши жаатында чечимдерди кабыл алууну жүргүзүүгө;
- бизнестин жана кызыкдар тараптардын өздөрүнүн атайын кызыкчылыктарын жактоо жана ички рыногун коргоо маселелеринде жигердүү позициясына;
- берилген өзгөчө жеңилдиктерди натыйжалуу пайдаланууга;
- «Дордой» жана «Кара-Суу рынокторунда реэкспорттук аткарымдарды трансформациялоо жана кайра багыттоого;
- өз ара соода боюнча бир тараптуу жана көп тараптуу кеңеш берүүлөргө;
- өздөрүнүн кызыкчылыктарын жана ички рыногун коргоо механизмдери тууралуу кызыкдар тараптарды толук жана жалпы маалымдоого.

2.1-жадыбал. ЕАЭБге мүчө болуп киргенге чейинки жана кийинки мезгилиндеги КРнын экономикалык коопсуздугунун индикаторлор тутумуна салыштырма талдоо

| № | **Индикатор** | **Чектик мааниси** | **ЕАЭБге чейин** | **ЕАЭБге киргенде** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ички дүң өндүрүмүнүн (ИДӨ) натуралай көлөмүнүн өсүшү, % | min 4% | 104,00% | 104,50% |
| 2 | Айыл чарбасынын өсүшү, % | min 3-4% | 99,50% | 102,20% |
| 3 | Өнөр жайынын өсүшү, % | min 4-6% | 98,40% | 111,50% |
| 4 | Капиталдык салымдардын жылдык өсүү арымы, | min 5% | 120,70% | 99,35% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | % | | | |
| 5 | Капиталдык салымдардын ИДӨдөгү үлүшү, % (чет өлкөлүк инвестициялар) | min 17% | 30,48% | 35,85% |
| 6 | Капиталдык салымдардын ИДӨдөгү үлүшү, % (жалпы инвестициялар) | min 25% | 11,00% | 14,46% |
| 7 | Инфляция, % | max 10% | 110,50% | 103,70% |
| 8 | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси, % | max 10% | 121,10% | 103,30% |
| 9 | Акча массасынын жүгүртүлүшүндө накталай акчанын үлүшү, % | max 80% | 41,70% | 43,70% |
| 10 | ИДӨдөгү кирешелер, % | min 20-25% | 29,81% | 28,71% |
| 11 | Салык жүгүнүн ордугу, % | max 30% | 20,62% | 19,84% |
| 12 | ИДӨгө карата бюджет тартыштыгы, % | max 4-10% | 0,47% | 3,16% |
| 13 | ИДӨгө карата ички карыз, % | max 30% | 3,09% | 5,94% |
| 14 | ИДӨгө карата тышкы карыз, % | max 50% | 50,51% | 53,92% |
| 15 | ИДӨдөгү экспорт, % | min 20% | 45,90% | 35,40% |
| 16 | ИДӨдөгү импорт, % | max 50% | 88,60% | 66,80% |
| 17 | ИДӨгө карата тышкы карызды тейлөө суммасы, % | max 15% | 1,29% | 1,91% |
| 18 | Минималдуу айлык акынын минималдуу керектөө бюджетине карата катышы, % | min 12% | 27,79% | 34,01% |
| 19 | Жакырчылык деңгээли, % | max 30% | 30,60% | 25,40% |
| 20 | Джини коэффициенти, раз | max 10 | 12,2 | 14,3 |
| 21 | Жумушсуздук, % | max 10% | 8,00% | 6,90% |
| 22 | Насыяларды долларлаштыруу деңгээли, % | max 45% | 57,64% | 37,96% |
| 23 | Депозиттерди долларлаштыруу деңгээли, % | max 45% | 56,34% | 47,50% |
| 24 | Экономиканы долларлаштыруу деңгээли, % | max 45-50% | 56,44% | 40,43% |
| 25 | Акчалаштыруу деңгээли, % | min 40-50% | 31,08% | 37,12% |

Булак: автор тарабынан бул эмгектин негизинде: [Мусакожоев, Ш. М. Тандалган эмгектердин 7 томдугу. IV том. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугуна келтирилген коркунучтардын мониторинги [Текст] / Ш.М. Мусакожоев. -Бишкек., 2012, 11-26-б] иштелип чыкты.

Демек, биздин көз карашыбыз боюнча, улуттук кызыкчылыктарын жана ички рынокту коргоо жигердүүлүккө жана тутумдуулукка негизделиши керек.

Ошондой эле биз тараптан Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун, улуттук кызыкчылыктарын ишке ашыруу көйгөйлөрү жана абалы аныкталды, бул бизге аларды өркүндөтүү жолдорун карап чыгууга мүмкүндүк түзөт.

**«Евразиялык мейкиндикте Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун өркүндөтүү жолдору»** деп аталган үчүнчү бапта КРнын ЕАЭБге кириши менен байланышкан экономикалык чакырыктар каралды, экономикалык коопсуздукту жогорулатуу, ички рынокту коргоо жана уюштуруучулук-экономикалык механизмдери иштелип чыкты. Корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүүнүн негизинде республиканын экономикалык коопсуздугун жогорулатуунун негизги жолдору аныкталды .

Экономикалык коопсуздук – таатал жана көп кырдуу түшүнүк, ошондуктан ал анын абалына мониторинг жүргүзүү жана оңдоо-түзөтүүлөрдү киргизүү менен гана чектелбейт. Ошондой эле азыркы учурда айрым бир

индикаторлор боюнча биздин республиканын экономикалык коопсуздугу кооптуу абалда турат.

Ошондуктан диссертациялык изилдөөнүн авторунун көз карашы боюнча, экономикалык коопсуздукту жогорулатуунун механизмин иштеп чыгуу зарыл, ал коопсуздукту камсыз кылуунун бардык багыттарын чагылдырышы керек.

3.1.-сүрөткө көнүл буралы




3.1.-сүрөт. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун уюштуруучулук-экономикалык механизми

Булак: автор тарабынан иштелип чыккан

Евразиялык интеграциялоо шарттарында Кыргыз Республикасы үчүн улуттук кызыкчылыктарын коргоонун маанилүү багыты болуп өзүнүн рыногун жана жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү биздин өлкөгө киргизилип жаткан арзан товарлар менен атаандаша албаган жөндөмдүүлүгүнөн улам кыйроого учурап бүлүнүп жок болуудан коргоо эсептелет.

Биздин республиканын ЕАЭБге кириши менен киргизилип жаткан товар агымын демпинг, субсидияланган импорт жана башка жагынан жөнгө салуучу жергиликтүү мыйзамдар жоюлуп кеткендигин эске салууга туура келет. Анын ордуна эл аралык деңгээлдеги мыйзамдар иштеп баштады, алар бирикменин бүткүл ички рыногун коргоого алат.

Мындай шарттарда республиканын ички рыногун коргоо аркылуу улуттук кызыкчылыктарды коргоону өркүндөтүүнүн жаңы жолдорун аныктоо, иштеп чыгуу зарыл.

Биздин пикирибизде, республиканын ички рыногун коргоонун жаңы инструменти катары төмөнкү механизмди колдонууга болот (3.2-сүрөт).

Бул ички рынокту коргоо механизми протекционисттик иш-аракеттердин эки түрдүү багытын болжолдойт:

- Көзөмөл баалардын минималдык деңгээлин орнотуу;
- Импортту тарифтик эмес жөнгө салуу;

Биринчи механизм Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги тарабынан ишке ашырылат. Товардык рынокту жана отчеттуулукту талдоо бөлүмү тарабынан демпингдик товарлардын болушуна баалардын мониторинги үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Мындай товар аныкталган учурда Мамагенттиктин тиешелүү бөлүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-октябрында № 537-Токтому менен бекитилген «Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолуучу товарларга көзөмөл баалардын минималдык деңгээлин аныктоо, колдонуу жана көзөмөлдөө тартибинин» тарамына шайкештикте товарга көзөмөл баалардын минималдык деңгээлин эсептөөнү жүргүзөт.

Андан ары товарды Тизмеге киргизүү жөнүндө чечим долбоорун даярдайт. Азыркы учурда товарлардын тизмесине 10 аталыш киргизилген.

Же болбосо экинчи вариант ишке ашырылат. Андай товарды өндүргөн улуттук өндүрүүчү №1-форманы (тизмеге киргизүү жөнүндө) же №2-форманы (тизмеге өзгөртүүлөрдү же толуктоолорду киргизүү жөнүндө) толтурат жана аны атаандаштык жана ЕЭК менен өз ара аракеттенишүү бөлүмүнө жиберет.

Андан ары жогоруда баяндалгандай тартипте эсептөө жана тизмеге киргизүү жүргүзүлөт. Эгер импортер өлкө ЕАЭБге мүчө эмес болсо, атаандаштык жана ЕЭК менен өз ара аракеттенишүү бөлүмү керектүү маалыматтарды топтоп, ЕАЭБдин ички рыногун коргоо механизмин ишке ашыруу үчүн ЕАКга арыз жиберет, ал жерден изилдөө жүргүзүлүп, тиешелүү чаралар киргизилет. ЕАКга арызды товар өндүрүүчүлөрдүн өздөрү да жиберсе болот, бирок биздин пикирибизде маалыматты жана керектүү далилдерди топтоо процесси өтө көп эмгекти талап кылат.




3.2.-сүрөт ички рынокту коргоо механизми
Булак: автор тарабынан иштелип чыккан

Экономикалык коопсуздук индикаторлоруна Кыргыз Республикасынын жалпы экономикалык саясатын калыптандыруучу мамлекеттик органдары таасир эте алат деп болжолдонот. Алар төмөнкүлөр:

- КРнын Улуттук банкы;
- КРнын министрликтери жана ведомстволору;
- КРнын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик агенттиктер;
- КРнын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик кызматтар
- жана башка мамлекеттик органдар, ведомстволор алдындагы түзүмдөр.

Бул мамлекеттик органдар жана институттар өлкөнүн экономикалык коопсуздугун 5 негизги багытта камсыз кылууга багытталган:

- өндүрүштүк-экономикалык жактан;
- тышкы экономикалык жана тышкы соода боюнча;
- туруктуу каржылык-экономикалык өнүгүү жагынан;
- туруктуу адамдык өнүгүү жагынан;
- эл аралык индекстер багытында.

Ар бир багыт өзүнүн өзгөчө экономикалык чөйрөсүн чагылдырат, аны өнүгүүнүн максат коюлган траекториясында кармап туруу зарыл. Бул учурда ар бир багыт өзүнө белгилүү бир индикаторлорду сиңирип алат (3.1-жадыбал).

3.1-жадыбал. Экономикалык коопсуздуктун беш багыттагы индикаторлору

| Багыты | Индикаторлор |
|---|---|
| Өндүрүштүк-экономикалык | Жалпы өнөр жай өндүрүшүндөгү машине куруу өнөр жайынын үлүшү, өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси, жумушсуздук деңгээли ж.б. |
| Тышкы экономикалык | Чет өлкөлүк тикелей инвестициялардын ИДӨдөгү үлүшү, инвестициялардын ИДӨдөгү үлүшү ж.б. |
| Каржылык-экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугу | ИДӨгө карата ички карыз, ИДӨдөгү кирешелер, ИДӨдөгү чыгымдар ж.б. |
| Адамдык өнүгүүнүн туруктуулугу | Калктын жан башына орточо алганда жашоо-тиричилик минимуму, жумушсуздук деңгээли жакырчылыктын курчушу ж.б. |
| Эл аралык индекстер | Corruption Perceptions Index, Human development index, Index of Economic Freedom идр. |

Булак: автор тарабынан иштелип чыккан

Бул болжолдоого таянып, биз индикаторлордун маанилеринин көрсөткүчүн жакшыртуу калктын жан башына ИДӨнүн өсүшү аркылуу улуттун байгерчилигин жогорулатууга, жана анын натыйжасы катары республиканын экономикалык коопсуздугун жогорулатууга алып келет деп ырастай алабыз.

Экономикалык коопсуздуктун индикаторлору менен калктын жан башына ИДӨнүн көрсөткүчүнүн ортосундагы өз ара байланыш бар экендигин

далилдөө максатында беш багыт боюнча корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзөбүз жана бул өз ара байланышты аныктайбыз.

Адегенде, N→∞ учурунда тандап алуу нормалдуу бөлүштүрүлөт, мында $H_0$: β = 0 божомол четке кагылат деген болжолдоону киргизип алабыз.

Андан соң акыркы багытты - эл аралык индекстерди карайбыз.

Бул максатта эл аралык индекстер боюнча маалыматтардын массиви түзүлгөн жана корреляциялык матрица курулган, анын ичинен түшүндүрүлүүчү өзгөрүлмөлөргө айрыкча таасир этүүчү жана өз ара байланышы жок индекстер тандалып алынган. Натыйжада, бул жадыбалга ээ болобуз (3.2.-жадыбал).

3.2.-жадыбал. Эл аралык индекстер боюнча регрессиялык үлгүнүн баштапкы маалыматтары

| | Y | $x_1$ | $x_2$ |
|---|---|---|---|
| Жыл | Калктын жан башына ички дүң өндүрүмү (ИДӨ), миң сом | Human development index (HDI) | Index of Economic Freedom |
| 2006 | 22,60 | 0,62 | 61,00 |
| 2007 | 28,10 | 0,62 | 60,20 |
| 2008 | 37,00 | 0,63 | 61,10 |
| 2009 | 39,20 | 0,63 | 61,80 |
| 2010 | 42,40 | 0,63 | 61,30 |
| 2011 | 54,40 | 0,64 | 61,10 |
| 2012 | 58 | 0,65 | 60,20 |
| 2013 | 65 | 0,66 | 59,60 |
| 2014 | 71,8 | 0,66 | 61,10 |
| 2015 | 75,5 | 0,66 | 61,30 |
| 2016 | 81,80 | 0,669 | 59,6 |
| 2017 | 89,30 | 0,672 | 61,1 |
| 2018 | 91,80 | 0,672 | 62,8 |

Булак: КРнын УСК, hdr.undp.org, heritage.org

«Регрессия» маалыматтарды талдоонун жардамы менен MS Excel топтомунда баштапкы маалыматтар үчүн регрессиялык үлгүнү курабыз. Регрессия теңдемеси төмөнкү түргө келет (коэффициенттерди жүздүктөргө чейин тегеректеп алабыз):

$Y = 1162,06 \times x_1 + 2,94 \times x_2 - 872,75$ мында

$x_1$– Human development index (HDI);

$x_2$– Index of Economic Freedom.

3.3 –сүрөттөгү курулган регрессиялык үлгүнү карайбыз. $R^2$ =0,99 курулган регрессия үчүн экендигин белгилей кетүү керек.




| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ВВП на душу населения, тыс. сом | 22,6 | 28,1 | 37 | 39,2 | 42,4 | 54,4 | 58 | 65 | 71,8 | 75,5 | 81,80 | 89,30 | 91,80 |
| Предсказанное ВВП на душу населения, тыс. сом | 26,8 | 24,5 | 38,8 | 40,8 | 39,4 | 50,4 | 59,4 | 69,2 | 73,6 | 74,2 | 79,7 | 87,6 | 92,6 |

3.3.-сүрөт. Эл аралык индекстер боюнча регрессиялык үлгүнүн чиймеси
Булак: автордун иштелмеси

3.1-формула боюнча үлгүнүн мультиколлинеардуулугун текшеребиз жана 3.2-формула боюнча Фишердин критерийин эсептейбиз. Маалыматтарды 3.3-жадыбалына киргизебиз.

3.3-жадыбал. Туруктуу каржылык-экономикалык өнүгүү багыты боюнча регрессиянын маанисин баалоо

| | |
|---|---|
| **$VIF_j$** | 1,009385782 |
| **$F_{факт}$** | 333,8563504 |
| **F мааниси** | 6,99474E-10 |

Булак: автордун эсептөөлөрү

Жадыбалдын маалыматтары боюнча биз каралган үлгүдө мультиколлинеардуулук жок деген тыянакка келебиз (ар бир баа берилген регрессия боюнча $VIF_j < 10$), регрессия жалпы алганда мааниге ээ, анткени жадыбалдын мааниси $F_{крит}$ = 7,56, бул $F_{факт}$ караганда аз, (99% маани деңгээлинде). Белгилей кетчү нерсе, F маанисинин көрсөткүчү = 6,99474E-10 < 0,05, бул үлгүдөгү $R^2$ маанисин тастыктайт.

Андан ары үлгүдөгү калдыктардын автокорреляциясын текшеребиз жана 3.3 жана 3.4-формулалар боюнча аппроксимация (жакындатуу) катасын эсептейбиз жана 3.4-жадыбалга киргизебиз.

Дарбин-Уотсон критерийинин dl жана du кескин маанилери жадыбалдар боюнча аныкталат (0,86 жана 1,56). Дарбин-Уотсон критерийи 1,82ни түздү, демек, dl < DW < 4-du. ***Калдыктардын автокорреляциясы жок***.

Аппроксимация (жакындатуу) катасы 5,66% га барабар, бул 10% дан бир кыйла аз, демек, ***үлгү жогорку тактыктагы үлгү деп эсептелет жана практикалык жарамдуу болуп саналат.***

3.4-жадыбал. Туруктуу каржылык-экономикалык өнүгүү багыты боюнча Дарбин-Уотсон критерийин жана аппроксимация катасын эсептөө

| *Калдыктар* | $e^2$ | $(e_i-e_{i-1})^2$ | Y | Ŷ | Аппроксимация (жакындатуу) катасы |
|---|---|---|---|---|---|
| -4,249 | 18,057 | | 22,6 | 26,8 | 0,188 |
| 3,600 | 12,958 | 61,608 | 28,1 | 24,5 | 0,128 |
| -1,764 | 3,110 | 28,765 | 37 | 38,8 | 0,048 |
| -1,619 | 2,621 | 0,021 | 39,2 | 40,8 | 0,041 |
| 3,049 | 9,297 | 21,792 | 42,4 | 39,4 | 0,072 |
| 4,016 | 16,127 | 0,934 | 54,4 | 50,4 | 0,074 |
| -1,362 | 1,855 | 28,921 | 58 | 59,4 | 0,023 |
| -4,221 | 17,816 | 8,173 | 65 | 69,2 | 0,065 |
| -1,825 | 3,332 | 5,738 | 71,8 | 73,6 | 0,025 |
| 1,287 | 1,657 | 9,689 | 75,5 | 74,2 | 0,017 |
| 2,121 | 4,497 | 0,694 | 81,80 | 79,7 | 0,026 |
| 1,730 | 2,992 | 0,153 | 89,30 | 87,6 | 0,019 |
| -0,762 | 0,581 | 6,209 | 91,80 | 92,6 | 0,008 |
| ∑ | 94,901 | 172,699 | MAPE = 5,66 | | |
| | DW = 1,82 | | | | |

Булак: автордун эсептөөлөрү

Демек, бул регрессиялык үлгү статистикалык мааниге ээ жана талдоо жана болжолдоо үчүн колдонулушу ыктымал.

$Y = 1162{,}06 \times x_1 + 2{,}94 \times x_2 - 872{,}75$ теңдемесин төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот:

Human development index көрсөткүчүн 1 тарамга азайтуу калктын жан башына ички дүң өндүрүмүн 1162,06 миң сомго көбөйтүүгө алып келет;

Index of Economic Freedom көрсөткүчүн 1 тарамга көбөйтүү калктын жан башына ички дүң өндүрүмүн 2,94 миң сомго көбөйтүүгө алып келет;

Демек, республиканын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу үчүн инвестициялык жана ишкердик кырдаалды жакшыртуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү зарыл, ошондой эле болгон күч-аракеттерди Human development index көрсөткүчтөрү боюнча элибиздин жалпы байгерчилигин жакшыртууга багыттоо керек.

Экономикалык коопсуздук түшүнүгү татаал жана интегралдуу түшүнүк, ал өз ичине социалдык-экономикалык туруктуулукту, бийлик институттарынын натыйжалуу иштешин, ар түрдүү коркунучтардын алдын алуу жана коргонуу, улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруу мүмкүндүгүн камтыйт.

Диссертациялык изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык бирикмеге киришине байланышкан экономикалык чакырыктар аныкталды, ЕАЭБ алкагында Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын коргоону өркүндөтүү жолдору берилди, ошондой эле

белгилүү бир өсүү индикаторлоруна таасир этүү менен Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун, ошону менен бирге калктын жан башына ИДӨнү айрыкча натыйжалуу жогорулатууга жетишүүгө боло турган механизм иштелип чыкты.

Экономикалык коопсуздукту жогорулатуу үчүн анын абалын, аны бүлүндүрүүчү анык жана ыктымал коркунучтарды билүү зарыл. Ошондой эле экономикалык коопсуздуктун ар түрдүү жылдардагы абалын салыштыруу маанилүү. Бул өлкөнүн экономикалык коопсуздугуна кедергисин тийгизиши ыктымал болгон коркунучтар жагынан алганда экономика кайсы багытта жана кантип өнүгүп жаткандыгын аныктоодо керек болот.

Бул максатта биз тараптан экономикалык коопсуздук абалын диссертациялык изилдөөнүн экинчи бөлүмүндө берилген индикаторлор тутумунун негизинде экспресс баалоо методикасы иштелип чыкты. Биз экономикалык коопсуздук абалын салыштырмалуу баалоо төмөнкү үч критерийдин негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн деген болжолдоону киргиздик:

- чектик маанилерде жана анын чегинен тышкары жайгашкан индикаторлордун сандык катышы;
- бекемдик камынын топтому;
- коркунучтар деңгээлинин топтому;

Биринчи баскычта биз чектик маанилерде жана анын чегинен тышкары жайгашкан индикаторлордун санын эсептеп чыктык.

Кийинки баскычта биз индикаторлор тутумун алып төмөнкү принцип боюнча эки топко бөлүштүрдүк: мааниси чектик маанилерден «төмөн эмес» болгон индикаторлор жана мааниси чектик маанилерден «жогору эмес» болгон индикаторлор.

Андан ары биз индикатордун иш жүзүндөгү маанисинин чектик мааниден четтөөсүн аныкташыбыз керек. Эгерде индикатордун иш жүзүндөгү мааниси чектик мааниден жакшы жагына четтесе, анда «бекемдик камы» бар болот, ал эми тетири жагына четтесе «коркунучтар камы» жаралат.

Бул иш тартиби төмөнкү шарттардын негизинде ишке ашты:

«Төмөн эмес» индикаторлор үчүн

$$\begin{cases} \frac{a}{b} - 1, & \text{"бекемдик камы"} \\ \frac{b}{a} - 1, & \text{"коркунуч деңгээли"} \end{cases}$$

«Жогору эмес» индикаторлор үчүн

$$\begin{cases} \frac{b}{a} - 1, & \text{"бекемдик камы"} \\ \frac{a}{b} - 1, & \text{"коркунуч деңгээли"} \end{cases}$$

мында: a –индикатордун анык мааниси, b –индикатордун чектик мааниси.

Андан ары биз индикаторлордун бүткүл тутуму боюнча бекемдик жана коркунучтар камынын топтомун эсептеп чыктык. Алынган бардык натыйжаларды 3.5-жадыбалына киргизебиз.

3.5-жадыбал. КРнын экономикалык коопсуздук абалына салыштырма экспресс баалоо методикасынын эсептөө жадыбалы

| **Көрсөткүч** | **ЕАЭБге чейин** | **ЕАЭБ учурунда** |
|---|---|---|
| Экономикалык коопсуздук чектеринин (ЭКЧ) алкагында индикаторлордун саны | 11 | 14 |
| ЭКЧ алкагында индикаторлордун үлүшү | 44,00% | 56,00% |
| ЭКЧ алкагынан тышкары индикаторлордун саны | 14 | 11 |
| ЭКЧ алкагынан тышкары индикаторлордун үлүшү | 56,00% | 44,00% |
| Бекемдик камынын топтому | 7,729 | 7,619 |
| Коркунучтар деңгээлинин топтому | 23,840 | 20,160 |

Булак: автордун иштелмеси

Бул жадыбалдын негизинде биз ЕАЭБге киргенден кийин өлкөдөгү экономикалык коопсуздук абалы жалпысынан жакшырды деп корутунду жасай алабыз. Мисалга, чектик маанилердин алкагындагы индикаторлордун саны 14 кө чейин көбөйдү жана бекемдик камынын топтомунун 0,11 салыштырмалуу мааниде бир аз коромжу болуу учурунда коркунучтар деңгээлинин топтому төмөндөдү.

## ТЫЯНАКТАР

Экономикалык коопсуздук түшүнүгү татаал жана интегралдуу түшүнүк, ал өз ичине социалдык-экономикалык туруктуулукту, бийлик институттарынын натыйжалуу иштешин, ар түрдүү коркунучтардын алдын алуу жана коргонуу, улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруу мүмкүндүгүн камтыйт. Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө таянып, экономикалык коопсуздуктун жаңыртылган аныктамасы түзүлдү, ал мындайча берилет: «экономикалык коопсуздук – бул экономиканын жана бийлик институттарынын туруктуу абалы, анда улуттук кызыкчылыктарды ишке ашырууга жана өлкөнү ар түрдүү коркунучтардан, жоготуулардан жана күтүүсүз кескин өзгөрүүлөрдөн коргой алууга мүмкүндүк түзүлөт».

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында ошондой эле мамлекеттин экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун айрыкча ыңгайлуу түрү – экономикалык интеграция экендиги аныкталды, ал биздин республикага ЕАЭБдин инфратүзүмүнө, каржылык, технологиялык жана башка ресурстарына жеткиликтүү болууга мүмкүндүк түзөт.

Экономикалык коопсуздуктун жана улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруунун абалын аныктоо бизге төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө негиз берди:

1. изилдөөнүн натыйжасында экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана ички рынокту коргоо күтүүсүздөн болуп жана айрым бир жерлерге гана багытталбастан, ар түрдүү инструменттердин жана механизмдерди колдонууга негизделип курулушу керек деген тыянак алынды;

2. изилдөө көрсөткөндөй, экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана ички рынокту коргоо инструменттери жана методдору ЕАЭБге киргенден кийин жоюлуп кеткен же жөнөкөйлөтүлүп жиберилген, бул учурда ЕАЭБ алкагында бул сыяктуу иш тартиптеринин жаңы өзгөчөлүктөрү келип чыгат;

3. КРнын экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу абалын баалоо жана талдоонун жыйынтыгы көргөзгөндөй, республиканын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу ишин өндүрүштүк, каржылык-экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдү жакшыртуудан баштоо зарыл;

4. изилдөө көргөзгөндөй, республика ЕАЭБге киргенден кийин экономикалык коопсуздукка таасирин тийгизүүчү позитивдүү жана негативдүү тараптардын ортосундагы теңдемди алгылыктуу деп эсептөөгө болот;

5. сунушталган индикаторлор тутумунун жана салыштырмалуу экспресс баалоо методикасынын негизинде экономикалык коопсуздук абалына жүргүзүлгөн изилдөөлөр ЕАЭБге киргенден кийин өлкөнүн экономикалык коопсуздугу жалпысынан жакшыргандыгын көрсөттү.

## СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугуна жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө төмөнкү сунуштарды жана кеңештерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берди:

1. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун автор тарабынан иштелип чыккан уюштуруучулук-экономикалык механизминин алкагында диссертацияда берилген иш-аракеттердин мерчемин баскычтары боюнча ырааттуу иш жүзүнө ашыруу керек, ал ички рынокту коргоону күчөтүүгө жана Кыргыз Республикасынын жалпы экономикалык коопсуздугун жогорулатууга шарт түзөт;

2. Экономикалык коопсуздукту камсыз кылууга карата механизмдерди сунуштоодо ЕАЭБ алкагында да жана чек аралар аралык рыноктордо да ички рынокту коргоо өзгөчөлүгү эске алынды. Ошону менен бирге ички рынокту коргоо өзгөчөлүгүн жана экономикалык коопсуздукту жогорулатуу жолдорун изилдөөнү улантуу керек;

3. Жүргүзүлгөн корреляциялык-регрессиялык талдоолордун негизинде калктын жан башына ички дүң өндүрүмү менен туюнтулган экономикалык коопсуздук башка экономикалык көрсөткүчтөргө жана индикаторлорго таасир этүү учурунда жогорулайт деп эсептөөгө болот. Экономикалык коопсуздуктун

индикаторлоруна жеринен таасир этүү менен анын жалпы абалын жакшыртуу мүмкүн. Ошентип, КРнын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу жолдору төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

– калктын жашоо-тиричилик деңгээлин сапаттуу жогорулатуу жана ишкердик ишмердүүлүктү реформалоо. Ошону менен бирге HDI жана IEF индекстерин жакшыртуу;

– мамлекеттик тышкы карызды кыскартуу жана жоюу, жүгүртүүдө накталай акчанын үлүшүн чектөө, ошону менен бирге инвестицияларды тартып келүү, жаңы ишканаларды жана жумуш орундарын түзүү, ошондой эле ойлонуштурулган фискалдык саясат жүргүзүү аркылуу жумушсуздук деңгээлин жана өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексин жөнгө салуу;

4. республика ЕАЭБге киргенден кийин экономикалык коопсуздукка таасирин тийгизүүчү позитивдүү жана негативдүү тараптардын ортосундагы алгылыктуу теңдем учурунда мамлекеттик карыздын ИДӨдөгү үлүшү жана чет өлкөлүк инвестициялардын үлүшү сыяктуу индикаторлорго өзгөчө көңүл буруу зарыл;

5. республика ЕАЭБге киргенден кийин экономикалык коопсуздук индикаторлорунун абалы жакшыргандыгына карабастан, экономикалык коопсуздукка колдоо көргөзүүчү натыйжалуу мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу үчүн экономикалык коопсуздук индикаторлоруна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана салыштырма баалоо зарыл.

## ИЗДЕНҮҮЧҮНҮН ДИССЕРТАЦИЯСЫНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЖУМУШТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Зорька, Е. И. Экономическая безопасность и формы ее обеспечения [Текст] / Е. И. Зорька // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова: – Бишкек, 2015.– № 2 (32).– с. 71-74;

2. Зорька Е. И. Подходы к определению понятия «экономическая безопасность» [Текст] / Е. И. Зорька // Интерактивная наука: − 2016. − № 5. − с. 77–79;

3. Зорька, Е.И. Оценка экономической безопасности различными индикаторами (на материалах Кыргызской республики) [Текст] / Е. И. Зорька // Проблемы экономики и менеджмента:– Ижевск, 2016.– №7 (59).– с. 48-52;

4. Зорька, Е. И. Оценка экономической безопасности Кыргызской Республики макроэкономическими индикаторами [Текст] / Е. И. Зорька // Новый университет: серия «Экономика и право»: – Йошкар-Ола, 2016.– №8.– с. 17-20;

5. Зорька, Е. И. Макроэкономическая экспресс оценка состояния экономической безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Е. И. Зорька // Экономические исследования и разработки: научно-исследовательский электронный журнал: – Нижний Новгород, 2017.– №4.– с. 226-232;

6. Зорька, Е. И. Корреляционно-регрессионная модель индикаторов экономической безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Е. И. Зорька //

Экономические исследования и разработки: научно-исследовательский электронный журнал: – Нижний Новгород, 2017.– №4.– с. 218-225;

7. Зорька, Е. И. Оценка экономической безопасности Кыргызской Республики различными индикаторами [Текст] / Е. И. Зорька // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова: – Бишкек, 2015.– № 2 (32).– с. 50-53;

8. Зорька, Е. И. Методические подходы к определению категории «экономическая безопасность» [Текст] / Е. И. Зорька // Вестник КГУСТА: – Бишкек, 2017.– № 2 (56).– с. 194-198;

9. Зорька Е.И. Оценка состояния предпринимательской среды Кыргызской Республики на основе международных индексов [Текст] / Е. И. Зорька, Б. А. Токсобаева, // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова: – Бишкек, 2015.– № 2 (32).– с. 113-118;;

10. Зорька, Е. И. Статистическое обоснование механизма повышения экономической безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Е. И. Зорька // Вестник КРСУ: – Бишкек, 2017.– № 11 Том 17.– с. 26-29;

11. Зорька Е.И. Состояние экономической безопасности КР в первые годы вступления в ЕАЭС [Текст] / Е. И. Зорька, Б. А. Токсобаева // Вестник КРСУ: – Бишкек, 2017.– № 11 Том 17.– с. 78-82;

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Зорьки Евгения Игоревича на тему: «Механизмы повышения экономической безопасности КР в условиях евразийской интеграции» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством**


**Ключевые слова:** экономическая безопасность, угрозы, национальный интерес, защита внутреннего рынка, индикаторы экономической безопасности, формы интеграции, организационно-экономический механизм.

**Объект исследования:** экономическая безопасность страны.

**Предмет исследования:** экономическая безопасность Кыргызской Республики в условиях евразийской интеграции.

**Цель исследования:** разработка механизмов и предложений по повышению экономической безопасности республики и совершенствованию системы защиты внутреннего рынка страны в рамках ЕАЭС на основе правоприменительной практики и экономико-математического анализа.

**Методы исследования:** методы системного и логического анализа, графический, сравнительный и экономико-статистический анализ.

**Полученные результаты:** проанализированы и систематизированы подходы к определению содержания экономической безопасности страны, обоснована интеграционная форма обеспечения экономической безопасности республики. Скорректирована система пороговых значений и индикаторов оценивающих экономическую безопасность республики. Проведен анализ и дана оценка состояния экономической безопасности республики. Проведен экономико-статистический (регрессионный) анализ индикаторов экономической безопасности. Разработаны механизмы повышения экономической безопасности страны: механизм защиты внутреннего рынка и организационно-экономический механизм.

**Степень использования:** результаты могут быть использованы органами государственной власти Кыргызской Республики, участвующим в обеспечении защиты внутреннего рынка республики, лицам ведущим переговоры в рамках ЕАЭС, государственным институтам, реализующим макроэкономическую политику страны.

**Область применения:** выводы и предложения, практические рекомендации и разработанные механизмы могут служить научной основой для совершенствования мер защиты внутреннего рынка и повышения экономической безопасности республики. Также для создания новых и совершенствования имеющихся курсов лекций.

**Зорька Евгений Игоревичтин «Евразиялык интеграция шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу механизмдери» аттуу темада 08.00.05 – "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

**Түйүндүү сөздөр:** экономикалык коопсуздук, коркунучтар, улуттук кызыкчылык, ички рынокту коргоо, экономикалык коопсуздук индикаторлору, интеграция түрлөрү, уюштуруучулук-экономикалык механизм.

**Изилдөө объектиси:** өлкөнүн экономикалык коопсуздугу.

**Изилдөө предмети:** Евразиялык интеграция шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугу.

**Изилдөөнүн максаты:** укук колдонуу иш тажрыйбасынын жана экономикалык-математикалык талдоонун негизинде республиканын экономикалык коопсуздугун жогорулатуу жана ЕАЭБ алкагында өлкөнүн ички рыногун коргоо тутумун өркүндөтүү боюнча механизмдерди жана сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору:** тутумдуу жана логикалык талдоо, графикалык, салыштырма жана экономикалык-статистикалык талдоо методдору.

**Алынган натыйжалар:** өлкөнүн экономикалык коопсуздугу түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо боюнча ыкмалар жалпылаштырылды жана иретке келтирилди, өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун интеграциялык түрү негизделди. Республиканын экономикалык коопсуздугун баалоочу чектик маанилердин жана индикаторлордун тутуму толукталды, түзөтүүлөр киргизилди. Өлкөнүн экономикалык коопсуздук абалына талдоо жүргүзүлдү жана баа берилди. Экономикалык коопсуздук индикаторлоруна экономикалык-статистикалык (регрессиялык) талдоо жүргүзүлдү. Өлкөнүн экономикалык коопсуздугун жогорулатуунун механизмдери: ички рынокту коргоо механизми жана уюштуруучулук-экономикалык механизм иштелип чыкты.

**Колдонуу деңгээли:** алынган натыйжалар Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоону камсыздоого катышкан мамлекеттик бийлик органдары тарабынан, ЕАЭБ алкагында сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн кызмат адамдары тарабынан, өлкөнүн макроэкономикалык саясатын ишке ашырган мамлекеттик мекемелер тарабынан колдонулушу ыктымал.

**Колдонуу тармагы:** тыянактар жана сунуштар, практикалык сунуштамалар, иштелип чыккан механизмдер республиканын ички рыногун коргоо жана экономикалык коопсуздугун жогорулатуу боюнча иш чараларды өркүндөтүү үчүн негиз катары кызмат кылат. Ошондой эле окуу материалы катары жаңы дарстарды иштеп чыгууда же өркүндөтүүдө колдонууга болот.

## SUMMARY

**Zorka Evgeny Igorevich's dissertations on the topic: "Mechanisms for enhancing the economic security of the Kyrgyz Republic in the context of Eurasian integration" for the degree of Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.05 - Economics and Management of National Economy**

**Keywords:** economic security, threats, national interest, protection of the domestic market, indicators of economic security, forms of integration, organizational and economic mechanism.

**Object of study:** the economic security of the country.

**Subject of research:** the economic security of the Kyrgyz Republic in the context of Eurasian integration.

**The purpose of the research:** the development of mechanisms and proposals to improve the economic security of the republic and improve the system of protection of the domestic market of the country within the framework of the EAEU on the basis of law enforcement and economic and mathematical analysis.

**Research methods:** methods of system and logical analysis, graphical, comparative and economic and statistical analysis.

**The obtained results:** analyzed and systematized approaches to determining the content of the country's economic security, justified the integration form of ensuring the economic security of the republic. The system of threshold values and indicators evaluating the economic security of the republic has been adjusted. The analysis and assessment of the state of economic security of the republic. An economic-statistical (regression) analysis of economic security indicators was carried out. Mechanisms have been developed to increase the economic security of the country: the mechanism for protecting the domestic market and the organizational and economic mechanism.

**Degree of use:** the results can be used by state authorities of the Kyrgyz Republic participating in ensuring the protection of the domestic market of the republic, persons conducting negotiations within the EAEU, state institutions implementing the macroeconomic policy of the country.

**Scope:** conclusions and suggestions, practical recommendations and developed mechanisms can serve as a scientific basis for improving measures to protect the domestic market and improve the economic security of the republic. Also to create new and improve existing lecture courses.